УДК 821.512.154

Койлубаев К.К.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЖАЗГЫЧ АКЫНДАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДА ДООРДУН БЕРИЛИШИ

Үркүндү өз башынан өткөрүп, ал тууралуу доордун кайгылуу да, каардуу да ырын жараткан Ы.Шайбеков эс тарткандан турмуштун оор, эстен кеткис кыйынчылыктарын башынан кечирген.

Жазгыч акындын өзү эмгек эткен доор үчүн аткарган бирден-бир көрүнүктүү кызматы – анын “Кайран эл”, “Азган эл”, “Кайткан эл” чыгармалары. Эл-журт, өткөн жана бүгүнкү доордогу адамдар Ы.Шайбековду ушул ырлары аркылуу билишкен жана билишет. Үркүн бүт кыргыз калкы жашап келаткан доорлордогу эң кайгылуу трагедиялардын бири болгондугу талашсыз. Аны өз замандаштарына жана кийинки– келечектеги муундарга салыштырганда бир дагы акынга окшобостон чагылдырып берген. Үч бөлүмдөн турган бул көлөмдүү ырды драмалык поэма деп атоого жетиштүү негиз бар. Поэманын каармандарын бүт эл массасы (качкын кыргыздар, падышалык орус желдеттери, кытай жана калмак көпөстөрү) түзөт. Доордун бул коогаландуу учурун Абылкасым Жутакеев, Алдаш Жээнике уулу, Тагай Эмил уулу, Токтораалы Талканбаев, Шамей Токтобаев өңдүү акындар да өз көз караштары боюнча ырдап, жазып чыгышкан. Ал эми Ысак Шайбековдун “Кайран элин” Үркүндөн кийин билбеген, жок дегенде айрым кайрыктарын жатка айтпаган бир да кыргыз болгон эмес. Бул, акын тарабынан үркүн окуясы өтө жеңил, так жана болгону болгондой, элестүү жазылгандыгын айгинелейт. Анын “Азган эл” бөлүмүндө орус падышачылыгынын армиясына кыргыз балдарын зордук менен алуу эпизоду сүрөттөлөт. Анда акын тарабынан айтылган доордун теңсиздиги: байлардын балдары үйдө калып кембагалдардын балдары армияга алынып, окоп казыш керек экен. Ыр андан ары:

Чыдабай бул кордукка каршы болдук,
Айры, чочмор найзачан согуш ачтык.
Жазалоо отряды кол салганда,
Чыдабай Кытай жакка кире качтык [1, 30] - деп улантылат. Качкан эл кытайлардан, калмак черүүлөрүнөн, уйгур, дунгандардан көрбөгөн азап-тозокту көрүп, өлгөнү өлүп, калганы жарым жан болуп турган кезде, бир жылдан кийин жылуу кабар келет. Ала-Тоо, Ысык-Көлгө теңдик заман келиптир дегенди угуп, эл көчмөк болушат:

Угулду март айында жакшы кабар,
Кубандык качкан-бозгон бечералар.
Болгону ал кабардын анык болсо,
Качкан эл жер-жерине кайтып бараар [1, 45].

Доордун катаал сыноосуна эл бул кубаныч, жакшы үмүт-тилектен кийин дагы бир жолу туш болушту. Акын алдын-ала кооптонгондой эле, кар, касабалуу ашуудагы жолдон адашкан, көк жалтаң муздан өтө албаган элдин көбү суукка тоңуп шейит кетишти. Эптеп өткөндөрдүн көбү ач-арыктан баса албай, ач карышкырларга жем болушту.

Акын аталган поэманын “Азган эл” бөлүмүндө жогорудагыдай ыр саптары аркылуу үркүндү, элдин тагдырын поэтикалуу ой-санаасы менен чагылдырууга болушунча аракеттенсе да, “Кайран элге” салыштырмалуу ыр көркөмдүүлүгү, образдуулугу, уйкаштык түзүлүшү жагынан тиешелүү деңгээлге жетпей калган. Ошондой болсо да, учурдагы оор абалды баяндап, көз алдыга келтире алгандыгы менен чыгарманын тарыхый баалуулугу артып турат.

Биз мурдатан айтып өткөндөй, “Кайран эл” – поэманын негизги бөлүгү Ы.Шайбековдун чыгармачылыгынын туу башы. Ал ыр “Азган элдегидей” 11 муундан эмес, жаттап, эстеп калууга ыңгайлуу 7-8 муундан түзүлгөн. Эң башкысы, акын мекенчил

катарында эл кор болгон, муң менен зарга жык толгон доорду реалдуу сүрөттөгөн. Буга төмөнкү айрым ыр жолдору эле жеткиликтүү мисал болот деген ойдобуз:

Баарын берип жан үчүн,
Жорголоду кайран эл.
Жазгы жамгыр мойнуна.
Шорголоду кайран эл.
Чыны менен ошентип,
Кор болобу кайран эл [1, 39].

Чыгармалары аркылуу доордун кан тамырынын кагышын кармай билген жазгыч акын Абылкасым Жутакеевдин ысымы жакшы белгилүү. Ал ата-энесинен эрте ажырап, жетимчиликтин оор азабын тартат. Аргасыз тиричиликтин айынан Буудайчы деген молдонун күндөлүк оокатын жасап жүрүп, сабатсыздыгын жоет.

А.Жутакеевдин Совет бийлигинин алгачкы жылдарында жазган “Үч доор” деген поэмасы кыргыз адабиятында жакшы белгилүү. Ал бул чыгармасында элдин үч доорду басып өткөндөгү оош-кыйыш турмушу чагылдырылат. Биринчи доордо Кокон хандыгынын учурунда кыргыз калкынын көргөн кыйынчылык күндөрү, кайгы-капасы айтылат. Кокон бийлиги элди кул катары санап, алык-салыкты көбөйтүп, тыңыраак жашоого жол бербей жаткандыгы чыгарманын бул бөлүмүндө ар тараптуу чагылдырылат. Экинчи доордо кыргыз калкынын Россиянын курамына кошулгандагы абалы сүрөттөлөт. Мында деле абал мурдагыдан өзгөрүп кетпей, орус төбөлдөрү кыргыз-кедей кембагалдарын баш көтөртпөй, эзип жаткандыгын акын өкүнүч менен баяндайт:

Падышалык орус бийлигинин кыргыздарга көрсөткөн зомбулугу күчөп, акыры бул 1916-жылдагы көтөрүлүштүн – Үркүндүн чыгышына алып келди.

Поэмадагы үчүнчү доор баяны – Улуу Октябрь, советтик доорго арналган. Кытайга качкан элдин туулган жерге кайтып келиши – дал ушул доордун айтып бүткүс, улуу жакшылыгы деп түшүнөт акын.

Акындын үч доор поэмасы жар салуу, ураан чакыруу иретинде жазылса да, ал адабий тарыхта өз милдетин өтөп, элдин өткөнгө жана келечекке болгон ой жүгүртүүсүн ойготкондугу менен баалуу.

Жазгыч акындын “Качак турмушу”, “Кайран эл”, “Кайткан эл” деген ыр түрмөктөрү Үркүнгө арналып, элдин бөтөн жерде баштан өткөргөн турмушун баяндайт. Үркүн бул доордун айтса айтып бүткүс трагедиясы эле. Аны Абылкасым акын бүткүл элдин муң-зары менен коштоп, көз көргөндөрүн алынын жетишинче поэтикалык жол-жоболор менен айтып берген. Аталган чыгармалар тематикалык жактан Ысак Шайбековдун “Кайран эл”, “Азган эл”, “Кайткан эл” деп аталган поэмасына окшош болгон менен, Абылкасым Жутакеев башынан өткөргөндөрүн өз алдынча сүрөттөп жазат. Чындыгын алганда, доордун бул трагедиясын чагылдыруу бир-эки эле акындын иши эмес. Аны кайсыл акын же жазуучу кандай кырдаалда баштан өткөргөн, аны канчалык деңгээлде сүрөттөп жазган – негизги кеп ушунда болууга тийиш.

Акын Үркүн тууралуу:
Ак падыша залимге,
Байкуш кыргыз багынган.
Ала-Тоонун арасы,
Ат-Башы менен Нарындан.
Качып кетип калсак деп,
Каракол, Чүйлүк оолукту, - деп жазган.

Андан мындай мотивден бөлөкчө, көркөм, эмоционалдуу, күчтүү ырды күтүүгө мүмкүн эмес эле. Себеби акындын талантын орошон бийиктикке жеткирүүгө доордун даярдыгы жок болчу. Билим берүү тармагы дээрлик алсыз эле. Мындай шартта акын сабатсыздыгын мугалимдер курсунан окуу менен эле чектелип, андан ары алыстап кете

алган эмес. Ушундай чектелүү билим менен чыгарма жаратуу XX кылымдын башындагы жалпы эле акындардарга таандык.

А.Жутакеев аз өмүр сүргөн акын (45 жаш). Эгер акын дагы узак жашаганда таланты курчуп, баралына келип бир топ мыкты чыгармаларды жаратары шексиз болчу. Ал аз өмүрүндө Совет дооруна ак кызмат өтөп, мугалим, Нарында союз кошчунун төрагасы өңдүү жооптуу милдеттерди аткарат. Ошол эле учурда ал доорду мактап-жактаган чыгармаларын үзбөй жазып келген. Жазгыч акын социалисттик жаңы доорго ишеним артуу менен, анын теңчилик, эркиндик алып келгенин ырларында жан-дили менен чагылдырып, элге жеткирүүгө бардык жигерин жумшап келген. Жаш чагынан жетимчиликтин азап-тозогун башынан өткөрүп, ал аз келгенсип кийин үркүндөгү катаал, адам чыдагыс турмушка тушугуп, эми гана Октябрь революциясынын шарапаты менен эркиндикке, киер кийим, ичер ашка жеткен акын бул жаңы доорду башкача жазышы мүмкүн эмес эле.

Калкыбыздын конушу,
Каардуу тоонун арасы.
Катарга жаңы кошулду,
Кара кыргыз баласы.
Калкыма жарык нур чачты,
Лениндин баанасы.
Көрүнөө эми айыгат,
Көкүрөктүн жарасы [1, 95], - деп жаңы доорду даңазалаган.

Турмуштун азабын тартып чоңойгон жазгыч акындардын дагы бири - Токтораалы Талканбаев Ата-энеси колунда жок жардылыгынан бир байдан он сом карыз алып, өз убагында кайтарып бербегени үчүн ага төрт жыл аралыгында үстөгү менен бир өгүз, бир ат, отуз сом төлөп берүүгө аргасыз болгон. Бул ошол кездеги жалпы эле бай-манаптардын ашынган ач көздүгүнөн, колунда жокторду каалагандай эзгендигинен кабар берип турат. Буга окшогон кордукту Токтораалы башка адамдарга сөз менен эмес, ыр аркылуу айтып бергиси келген. Кыязы ал болгон ишти ыр түрүндө баяндоо жеткиликтүү таасир этет деп ойлогон болуу керек. Ошентип, Токтораалынын алгачкы чыгармачылыгы молдолордон окуп, сабатсыздыгын жоеру менен 1917-жылга чейин эле башталган.

Казал жазам жашымдан,
Ар иш өткөн башымдан.
Түрлүү жапа көргөмүн,
Жакын, алыс касымдан [2, 145].

Октябрдын теңдик доору акындын жакшыраак жашоосуна жол ачып, чыгармачылык күч кайрат берди. Токтораалы улуу муундагы ырчы, акындардын ырларын угуп, айрымдарыныкын окуп, аз да болсо таалим-тажрыйбага ээ болот. Бирок анын жаңы заман жөнүндөгү ырлары деле башка акындардыкынан анча айырмаланбай фольклордук эреже-үлгүлөрдүн чегинде турган. Акын үчүн ыр жазууда кандайдыр бир өзгөчөлөнгөн бурулуш жасоо эмес, эң негизгиси Октябрь жеңишин даңктап, элге жеткирүү башкы максат болгон. Ошол эле учурда мурдагы эзүүчү таптардын жорук-жосундарын чагылдырган чыгарма жаратууну да унутта калтырган эмес. Буга анын “Илгеркинин куулары”, “Калайык-калктын турмушу жөнүндө”, “Бай-манаптар тууралуу” деген ырлары мисал боло алат. Т.Талканбаевдин 1917-жылдагы доордун өзгөрүшү жөнүндөгү ырлары кийин жаңыдан чыга баштаган газеталарга, жаш акындардын алгачкы “Кызыл гүл” деген альманахына жарыяланган. Ал кездин көз карашында барган сайын турмуш жакшырып, заман оңолуп баратканын баамдап, чыгармачылыгына да олуттуу мамиле жасай баштайт. Жаңы доордун жарчысы катары “Өзгөрүш”, “Кызыл Аскер”, “Колхозчу дыйкандарга насыят”, “Биздин жер” деген ырларды жаратат

Белгилүү болгондой, жыйырманчы жылдардын акырында, отузунчу жылдардын башында жаңы доордун алкагында элде: “колхоз”, “колхозчу” деген түшүнүктөр пайда

болот. Коллективдештирүү саясатынан улам келип чыккан колхоздук түзүлүш акындын чыгармачылыгында көрүнүктүү орунду ээлейт.

Т.Талканбаевдин чыгармачылыгына поэтикалык салттуулук – көркөм каражаттарга караганда үндөө, чакырык, үгүттөө басымдуулук кылат. Мезгилдин өзү да ушундай эле. Акын жаңы доордун, жаңы түзүлүштүн жарчысы, шыктандыруучусу катары элдин алдыңкы катарында жүргөн. Элди колхоздук-чарбалык түзүлүшкө баш ийдирүү отузунчу жылдардагы эң оор милдет болгон. Партиялык-советтик бул саясатка каршы чыккандар да кездешкен. Айрым жерлерде бүтүндөй бир уруулар колхозго кирүүгө каршы болушкан. Бир жагынан басмачылар да күч алып, элди бөлүп-жарып, колхоздун байлыгын талап-тоноп турган кез эле. Акын мындай учурда өзүнүн ырлары менен элге кайрат күч берип, коллективдештирүүнүн – колхоздошуунун артыкчылыгын калайык-калкка жеткирүүгө бардык талант-шыгын жумшайт. Бул Токтораалы Талканбаев жашаган доордун күчтүү талабы болгон “Көңүлдөгү сөзүңдү, Айта бергин токтобой, Алды жагың карагын, Арттагыны жоктобой”,-деп акын адам жашоосуна эле эмес, сөзгө да эркиндик келгендигин айтат. Тарыхта Октябрь революциясына аялдардын укугу тепселип, алар күң катары күн көрүп, эркиндиктен толук ажыратылып келгендиги баяндалып келет. Мындай теңсиздик октябрь өзгөрүшүнөн кийин деле узак жылдарга созулган. Бара-бара турмуш шарттын өзгөрүүсү менен кыргыз кыз-келиндеринин келечекке, өздөрүнүн турмуштагы укугуна болгон ой-жүгүртүүлөрү өзгөрө баштайт. Акын Токтораалы Талканбаев аялдардын жаңы доордогу орду эркектер менен бирдей экендигин, алардын коомдогу ролу өзгөрө баштагандыгын “Аялдарга акыл”, “Кыздарга акыл”, “Акылман аял” деген темадагы ырларында жар салат.

Өзүнө замандаш ырчы акындар сыяктуу эле, Токтораалы да жаратылышты, кыргыздын жер-суусун, Ала-Тоону акындык көз карашы аркылуу сүрөттөп жазуудан четте калган эмес. Ал “Ала-Тоо жандыктары”, “Биздин жер”, “Сары Өзөн” деген ырларында өзүнүн поэтикалык деңгээлине жараша көркөм ой аркылуу табиятыбызды даңазалап келген.

Кылым жашап чыгармаларында дээрлик бир доорду чагылдырган жазгыч акын - Шамей Токтобаев.

Ал кезде кыргыз эли карайламан болуп жашаган, феодалдык доордо кимдердин көз жашы акпаган. Шамей жетим жүрүп жетилип, эптеп күн көрүүнүн оор сыноосунан өтүп, советтик доорго жеткен акын. Ал эки доорду көрүү менен чыгармачылыгын өнүктүрүп, мезгилдин, замандын ал абалын туруктуу жазып келген. Анын адеп “Жетимдин зары”, “Арыз”, “Кайран башым” деген ырларында ошол, өткөн теңсиздик доор чагылдырылат. Советтик түзүлүштө гана акындын чыгармалары маани-мазмун жагынан бүтүндөй өзгөрүүгө туш болду. Ал мурдагыдай муң-зардын эмес, эркиндик, теңдиктин жарчысы катары замандаштарына тааныла баштайт. Октябрь революциясынын учурунда Шамей 27-28 жашта эле. Ал курагына жараша толуп-болуп турган убагында да аш-тойлорго барып ырдаган эмес. Тетирисинче, андагы акындардын ырларын угуп, адегенде ошолорго окшотуп жазууга аракеттенген. Айылдагы молдолордон сабатсыздыгын жоюп алган Шамей үчүн комузга коштоосунда ырдаганга караганда жазуу иши артыгыраак сезилет. Ал жазган ырларын өзүнүн замандаштарына, тууган-туушкандарына окуп берген менен акындын чыгармачылыгы узак жылдар бою кеңири чөйрөгө белгилүү болгон эмес. Өткөн кылымдын алтымышынчы жылдарында гана Шамейдин ырлары коомчулукка тааныш болуп, ал тууралуу А.Токомбаев республикалык басылмалардын бирине “Колхозчу-акын Шамей Токтобаев” деген көлөмдүү макала жарыялаган. Ошондон тартып акындын 1917-жылга чейинки жана андан кийинки ырлары байма-бай жарык көрө баштаган. 1961-жылы анын “Шамей” деген аталыштагы биринчи ырлар жыйнагы жарык көрөт. Чыгармалары айтып тургандай, Ш.Токтобаев - Советтик доордун, колхоз түзүлүшүнүн чаалыкпаган, мээнеткеч акыны. Ал кийинки профессионалдык адабияттын акындарынын ырларын үзбөй окуп, алардан таалим алып, өз чыгармачылыгында пайдаланууга аракеттенген. Ошентип,

Ш.Токтобаевдин бүт өмүрү жаңы заманга кызмат өтөө, советтик доордун артыкчылыгын элге чыгармалары аркылуу жеткирүү менен өткөн. Акындын 80, 90, 100 жылдык маарекелери кеңири белгиленип, өзү тирүү кезинде “Тоо ыры”, “Кыргыз көлү” деген ырлар жана поэмалар жыйнактары басмадан жарык көрдү. Акын советтик жаңы доор тууралуу:

Кыргызым карып эле, өскөн экен,
Кыр ашып муратына жеткен экен.
Гүлдөгүн, гүлдөй бергин кыргыз жерим,

Сеңирде компартия жетектеген, [3, 39], - деп, эл-жердин жаңылануусуна, өсүп-өнгүшүнө үн кошот. Шамейдин “Колхоздун карт акыны жазат ырын”, “Канаттуу жарым кылым”, “Коммунизм”, “Компатия күнүм сен”, “Октябрь”, “Баарын бердиң партия” жана башка ырларында жаңы доорду жараткан компатияны, Ленинди айга, күнгө теңеп ырдайт. Өзүнүн бактылуу карылыгы жөнүндө акын айтпай койгон эмес.

Шамей Токтобаев өмүр бою айылда жашап, советтик түзүлүштү, колхоз байлыгын ырдап, өзүнүн дооруна болгон терең ишенимин, ыраазычылыгын чыгармалары аркылуу тажабай айтып келген. Акын колхоз темасындагы ырында:

Кызыл алтын буудайы,
Кырдалып тоодой үйүлгөн.
Кыйналамын дебестен,

Кызматка эрте жүгүргөн, - деп элестүү, пейзаждык эпизодду көз алдыга тартат. Анын “Ала-Тоонун байлыгы”, “Кыргыз көлү”, “Ысык-Көл” деген ырларында да жаңы доордун шарапатынан улам элдин байлыгы көбөйүп, жыргалчылык өкүм сүрүп турганын айтылат.

Бул жерден оюбузду ачыктасак, жазгыч акындардын жогорудагыдай тематикадагы ырларынын бардыгы эле жазма поэзиянын талабына жооп бербейт. Аларда үстүртөн баяндоо, кургак эргүү, калыптагыдайлык жана зордомо уйкаштыктар кездешет. Көпчүлүк жазгыч акындардын чыгармаларына деле мындай мүчүлүш мүнөздүү болуп келген. Бирок алардын атайын адабий билим албагандыгын, кат-сабатсыздыктарын жоюу менен гана чектелгендиктерин эске алсак, ырларындагы жогорудагыдай кемчиликтердин болушу табигый көрүнүш. Акындардын жаңы доордун артыкчылыгын, эң башкысы, элге эркиндик, теңдик бергенин даңазалоонун өзү эле чоң жетишкендик болгон.

Адабияттар:

1. Жазгыч акындар. Ырлар жыйнагы. - Ф., 1956.
2. Кол жазмалар фонду. № 824.
3. Токтобай уулу Шамей. Кыргыз көлү. 39-б.
4. Акындар чыгармачылыгынын тарыхы. - Фрунзе, 1988.